***<u>Баткен облустук  статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-май*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

**Баткен-2024**

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы**

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Абдиева Ш.К.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2024-жылдын январь-май айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2024-жылдын 14-июну.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор……………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор……………………………………………………….** | 6 |
| | Өнөр жайы………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым………………………………………………... | 7 |
| | Турак жай................................................................................... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу…………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу…………………………………………………... | 8 |
| | Кызмат көрсөтүү........................................................................... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| **IV** | **Мамлекеттик сектор….…………………………………………….** | 12 |
| | Финансы……………………………………………………………… | 12 |
| **V** | **Социалдык сектор……………………………………………………..** | 13 |
| | Демографиялык жагдай................................................................ | 13 |
| | Калктын оорулары......................................................................... | 14 |
| | Укук бузуулар................................................................................ | 14 |
| | **Тиркеме………………………………………………………………** | 15 |

## *ОБЛУСТУН 2024-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-МАЙ АЙЛАРЫНДАГЫ*
## СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2024-жылдын январь-май айларында 2815938,5 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 106,3 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2024-жылдын январь-май айларында 4540,7 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,1 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү 2024-жылдын январь-май айларында 1352195,1 миң сомго барабар болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине карата 38,1 пайызга өскөн.

2024-жылдын январь-май айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 36837 чарчы метр болгон 276 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-май айларынын денгээлине салыштырмалуу 97,1 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 576754,2 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 536,4 миң тонна жүк ташылып, 2023-жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 101,1 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 101714,2 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 108,5 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субъектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2024-жылдын январь-май айларында 11547893,3 миң сомду түзүп, 2023-жылдын январь-май айынын денгээлинен 6,7 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2024-жылдын январь-май айларында 9524023,2 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2023-жылдын январь-май айларынын деңгээлинен 8,8 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-май айларында 2023870,1 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,7 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-май айларын 2023-жылдын январь-май айларына салыштырганда 104,5 пайызды, ал эми ушул жылдын май айын 2023-жылдын декабрь айына салыштырганда 98,8 пайызды түздү.

Облус боюнча 2024-жылдын апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 27224,8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 7,6 пайызга өскөн. 2024-жылдын январь-апрель айларында бир айлык орточо эмгек акы 26506,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 6,7 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-май айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, вирустуу гепатит А түрү, эпидемиялык паротит, бруцеллез, эхинококкоз, сифилис, гонорея ооруууларынын өскөндүгү байкалат. Ал эми, бактериялуу минингит, ичегинин өткүр инфекциясы, жаныбарлардын тиштеп алуусу, аскаридоз, инфекциялык ВИЧ жана кургак учук ооруууларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2024ж. январь-май айларында | 2024ж. май айы 2023ж. май айына карата пайыз менен | 2024-жылдын январь-май айлары 2023-жылдын январь-май айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 2815938,5 | 96,9 | 106,3 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 4540,7 | 103,9 | 101,1 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 1352195,1 | 38,9 | 138,1 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 576754,2 | 54,3 | 97,1 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 536,4 | 100,2 | 101,1 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 101714,2 | 106,9 | 108,5 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 11547893,3 | 118,0 | 106,7 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 9524023,2 | 113,6 | 108,8 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 2023870,1 | 144,1 | 103,7 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 26506,2[1)] | 107,6[2)] | 106,7[3)] |

[1)] 2024ж. январь-апрель
[2)] 2024ж. апрель
[3)] 2024ж. январь-апрель

# III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

**<u>Өнөр жайы.</u>** Облус боюнча 2024-жылдын январь-май айларында 2815938,5 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 106,3 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 1106150,1 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 39,3 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 982114,3 миң сомду же 34,9 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 666505,8 миң сомду же 23,6 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 61168,3 миң сомду же 2,2 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-май айларында 982114,3 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 96,8 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 291721,2 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 18886,5 тоннага аз көмүр өндүрүлгөн. Баткен району 2140,2 тоннага, Кадамжай району 15023,4 тоннага көп көмүр өндүргөн, ал эми Лейлек району 9343,0 тоннага, Сүлүктү шаары 26707,1 тоннага аз өндүргөн.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 1106150,1 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 99,9 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 329806,7 миң сомду (көлөмдүн 29,8 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 49383,1 миң сомду (көлөмдүн 4,5 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 11040,6 миң сомду (көлөмдүн 1,0 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 577379,7 миң сомду (көлөмдүн 52,2 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 29137,5 миң сомду (2,6 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 63177,8 миң сомду (5,7 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-май айында өткөн жылдын январь-май айларына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 101,0 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 19,5 пайызга, жаны бышкан нан 2,8 пайызга, тазартылган күрүч 12,6 пайызга, кондитердик азыктар 6,6 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 5,5 пайызга, эт азыктары 8,0 пайызга, иштетилген сүт азыктары 8,9 пайызга көп өндүрүлгөн.

*2024-жылдын январь-май айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 49383,1 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-май айындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 7,8 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-май айларында 29137,5 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-май айларына салыштырганда физикалык көлөмдүн индекси 214,0 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-май* айларында 666505,8 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 155,1 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 61168,3 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 112,5 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)



Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2024-жылдын январь-май айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 4540,7 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 101,1 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 9058,7 тонна эт, 30693,5 тонна сүт, 6027,1 миң даана жумуртка, 349,2 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу сүт өндүрүү 0,1 жумуртка өндүрүү 15,2 пайызга өскөн. Ал эми эт өндүрүү 0,9 пайызга, жүн өндүрүү 4,1 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүүдө Лейлек районунда 0,6, Кызыл-Кыя шаарында 0,2, Сүлүктү шаарында 0,5 пайызга өсүү болду. Ал эми Баткен району жана Кадамжай району өткөн жылдын деңээлинде калган, Баткен шаарында 26,9 пайызга азайган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,2, Лейлек районунда 0,7, Кызыл-Кыя шаарында 0,2 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен шаарында 6,8, Сүлүктү шаарында 2,1 пайызга аз өндүрүлгөн. Кадамжай району өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртка өндүрүүдө Баткен району 32,4, Кадамжай району 0,6, Лейлек району 1,1, Баткен шаары 143,2, Кызыл-Кыя 0,3, Сүлүктү шаарында 0,3 пайызга көп өндүргөн. Жүн өндүрүү Кадамжай районунда 0,4 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 0,2 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 15,7, Сүлүктү шаарында 0,6 пайызга төмөндөгөн. Лейлек районунда өткөн жылдын деңгээлинде калган.

Облус боюнча 2024-жылдын 1-июнуна карата 425,3 тонна жашылча жыйналып алынып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 17,5 эсеге өсүү болгон. Лейлек районунда 420 тонна жашылча өндүрүлгөн. Ал эми Баткен районунда 0,5 тонна жашылча өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,7, Кадамжай районунда 4,8 тонна жашылча өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 78,8 пайызга төмөндөгөн. Мөмө-жемиш өндүрүү 144,3 тоннаны түзүп өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8,5 эсеге өскөн. Баткен районунда 108,0, Лейлек районунда 27,0, Кадамжай районунда 9,0 тонна өндүрүлгөн. Кадамжай районунда өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,5 эсеге өсүү болгон. Ал эми Баткен шаарында 98,0 пайызга төмөндөгөн.

**Капиталдык салым.** 2024-жылдын январь-май айларында 1352195,1 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2023-жылдын ушул мезгилине карата 38,1 пайызга өстү. Капиталдык салымдар Баткен районунда 6,4 пайызга, Кадамжай районунда 23,5 пайызга, Лейлек районунда 61,7 пайызга, Баткен шаарында 29,1 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 87,2 пайызга, Сүлүктү шаарында 96,4 пайызга өскөн. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаты жана республикалык бюджет түздү.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)



**Турак жай.** 2024-жылдын январь-май айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 36837,0 чарчы метр болгон 276 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 97,1 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 576754,2 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өздүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Транспорт жана байланыш**. 2024-жылдын январь-май айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 536,4 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 101,1 пайызды түздү.

2024-жылдын январь-май айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 4712,6 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 101714,2 миң жүргүнчү-км түздү (2023-жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 108,5 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2024-жылдын январь-май айларында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2024-жылдын январь-май айларында 11547893,3 миң сомду түзүп, 2023-жылдын январь-май айына салыштырмалуу 6,7 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 11178207,5 миң сом болуп 6,5 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 8860813,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 7,4 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 4811640,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 10,7 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 54,3 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-май айларында 18070,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,3 пайызга өскөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-май айларында 3676842,4 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,3 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь-май айларында 9524023,2 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 8,8 пайызга өскөн.

***Кызмат көрсөтүү.*** Үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 2023870,1 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 3,7 пайызга өскөн.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо 231751,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,9 пайызга өскөн.

Маалымат жана байланыш ушул жылдын январь-май айларында 46488,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 12,3 пайызга төмөндөгөн.

Финансылык ортомчулук жана камсыздоо ушул жылдын январь-май айларында 1084322,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,0 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 53,6 пайызды түздү.

Кыймылсыз мүлк операциялары ушул жылдын январь-май айларында 82380,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,8 пайызга төмөндөгөн.

Илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк ушул жылдын январь-май айларында 109890,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,8 пайызга өскөн.

Мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк ушул жылдын январь-май айларында 14040,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 12,3 пайызга төмөндөгөн.

Билим берүү ушул жылдын январь-май айларында 299728,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,5 пайызга өскөн.

Саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү ушул жылдын январь-май айларында 71535,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 50,1 пайызга өскөн.

Маданий, көңүл ачуу жана дем алуу ушул жылдын январь-май айларында 14838,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 84,6 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




**<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>** Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2024-жылдын 1-июнуна карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13615 адамды түздү, анын ичинен 9937 адам жумушсуздук статусун алган.

Жумушсуздук статусун алгандардын ичинен 1 адам жумушсуздук боюнча жөлөк пул алган. Май айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 135 адамды түздү. 2024-жылдын 1-июнуна карата 199 жумушчу орун болду. Бир бош жумуш ордуна 68 адам туура келди.

Облус боюнча 2024-жылдын апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 27224,8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 7,6 пайызга өскөн. 2024-жылдын январь-апрель айларында бир айлык орточо эмгек акы 26506,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 6,7 пайызга өскөн.

Эмгек акы апрель айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, тоо-кен казуу тармагында, сууну тазалоо, курулуш, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, Соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, информация жана байланыш, административдик жана көмөкчү чарба, социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, финансалык ортомчулук, саламаттыкты сактоо, транспорт ишмердиги, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо тармагында, маданий көңүл ачуу, дем алуу, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү, жүктөрдү сактоо жана өнөр жайды кайра иштетүү тармактары боюнча өсүү болгон. Ал эми токой чарбасы, айыл чарба жана балыкчылык 5,9 пайызга, билим берүү тармагында 0,1 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2024-жылдын апрель айында 310,4 долларды түздү.

2024-жылдын 1-майына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 8287,6 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 42,1 пайызга төмөндөгөн. Эмгек акы төлөө боюнча карыз Кадамжай районунда 62,4 пайызды жана Кызыл-Кыя шаарында 37,6 пайызды түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)




**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 107,1 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 98,0 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 116,9 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2024-жылдын май айында өткөн жылдын май айына салыштырмалуу 102,9 пайызды түздү. Ал эми 2024-жылдын январь-май айлары өткөн жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 105,5 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын май айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 104,5 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын май айын 2023-жылдын декабрь айына салыштырганда 98,8 пайызды түздү.

Ушул жылдын май айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 2,5 пайызга, 1-сорт ун 2,7 пайызга, сүт 3,9 пайызга, жумуртка 14,7 пайызга, күнкарама майы 2,9 пайызга төмөндөгөн. Ал эми нан, макарон азыктары, койдун эти жана уйдун эти өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,7 | 100,0 | 98,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 97,8 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 99,9 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 105,6 | 100,0 | 99,5 |
| март | 100,5 | 100,4 | 99,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 101,3 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 102,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 97,2 | 97,5 | 98,5 |
| май | 97,5 | 97,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 96,1 | 85,3 | 97,1 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 1,8 пайызга, картошка 1,6 пайызга, алма 6,7 пайызга кымбаттаган. Ал эми сабиз 5,2 пайызга төмөндөгөн. Кургатылган өрүк жана грек жаңгагы өз ордунда калган.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 105,2 | 97,1 | 98,0 | 122,9 | 120,9 | 96,1 |
| февраль | 93,4 | 94,3 | 95,3 | 125,7 | 106,9 | 100,0 |
| март | 97,8 | 102,4 | 98,4 | 151,9 | 93,5 | 100,0 |
| апрель | 100,0 | 100,2 | 96,6 | 101,9 | 82,7 | 100,0 |
| май | 101,8 | 101,6 | 94,8 | 106,7 | 100,0 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын май айында өткөн апрель айына салыштырмалуу күйүүчү-майлоочу материалдар 0,8 пайызга, бензин 0,8 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 0,2 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 0,9 пайызга кымбаттаган. Ал эми турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 0,8 пайызга төмөндөгөн. Кийимдер, кийим тигүү үчүн материалдар, бут кийимдер, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), катуу отун, фармацевтикалык продукциялар, газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2024ж. январь- май 2023ж январь-майына карата | 2024ж май 2023ж декабрына карата | 2024ж май 2024ж апрелине карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 106,6 | 100,0 | 100,0 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 101,2 | 100,0 | 100,0 |
| Бут кийим | 104,7 | 98,3 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 100,2 | 97,5 | 99,2 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 108,6 | 114,3 | 100,0 |
| Катуу отун | 103,6 | 78,5 | 100,0 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 109,4 | 102,1 | 100,8 |
| Бензин | 111,9 | 102,0 | 100,8 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 104,9 | 100,5 | 100,2 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 114,9 | 110,6 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 106,7 | 113,7 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 106,5 | 98,5 | 100,9 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын май айында маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөсү 2,9 пайызга төмөндөгөн. Ал эми жүргүнчү транспортунун тейлөөсү, байланыш тейлөөсү, маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөсү, билим берүү тейлөөсү, амбулаториялык тейлөөсү, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү, чач тарач тейлөөлөрү, укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2024ж. январь- май 2023ж январь-майына карата | 2024ж май 2023ж декабрына карата | 2024ж май 2024ж апрелине карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 102,8 | 101,6 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 106,1 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 98,3 | 95,5 | 97,1 |
| Билим берүү тейлөөсү | 116,6 | 100,0 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 109,8 | 100,0 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 123,9 | 96,1 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

**Керектөө бааларынын индекси**
(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-апрель айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 549,0 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 106,0 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 846,6 млн. сомду түзүп, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 21,3 пайызга, ал эми чыгашалар 14,3 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2024-жылдын январь-апрель айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2024-жылдын январь-апрель айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 333,3 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 9,0 пайызга өскөн. Киреше жана пайда салыгы 5,0 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 15,4 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 33,2 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 12,0 пайызга, жер салыгы 2,7 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 38,9 пайызга өскөн. Ал эми патенттин негизиндеги салык 65,3 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2023-жылдын январь-апрель айларында жалпы кирешенин 12,5 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2024-жылдын январь-апрель айларында 10,5 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана проценттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 41,4 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 28,9 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 7,0 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2024-жылдын январь-апрель айларында 318,6 млн. сомду түзүп, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 13,8 пайызга өскөн. Чыгашалардын 66,0 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого, 21,6 турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө, 12,0 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө жумшалды.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Демографиялык жагдай.** 2024-жылдын январь-апрель айларында Баткен облусу боюнча 4663 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 208 балага өскөн), же калктын 1000 не 23,9 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 822 адам өлгөн (2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 79 адамга өскөн), же калктын 1000 не алганда 4,2 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 3841 адамды, же 1000 кишиге 19,7 түздү.

2024-жылдын январь-апрель айларында 48 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 10,3 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 3 балага азайган.

**Калктын ооруулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-май айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 16 оорулуу катталды. Ал эми бактериалуу минингит оорусу менен 2 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 60,0 пайызга, ичегинин өткүр инфекциясы менен 538 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 39,8 пайызга төмөндөгөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 1264 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,3 эсеге, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 1261 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,7 эсеге жана эпидемиялык паротит менен 17 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 30,8 пайызга өскөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар өскөндүгү байкалат* бруцеллез ооруусу менен 34 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 70,0 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 11 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,2 эсеге өскөн, ал эми жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 315 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,2 пайызга, аскаридоз менен 286 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 34,3 пайызга төмөндөгөн.

*Паразитардык оорулардан* сифилис оорусу менен 5 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштрмалуу 5 эсеге, гонорея оорусу менен 12 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4 эсеге өскөн. Ал эми ВИЧ инфекциясы менен 10 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 33,3 пайызга, котур оорусу менен 27 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 12,9 пайызга төмөндөгөн. Педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 10595 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,8 пайызга өскөн. Ал эми кургак учук менен ооруган 105 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,2 пайызга төмөндөгөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2024-жылдын январь-апрель айларында облус боюнча 447 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,7 пайызга же 22 кылмышка төмөндөгөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 2, ээнбаштык 13, уурулук 105, алдамчылык 99, бангизаттарга байланыштуу 15, кызматтык кылмыштар 16, экономика тармагында 21 кылмыш, 5 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2024-жылдын январь-апрель айларында 295 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 50 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 43, ишкерлер 6, эч жерде иштебеген жана окубагандар 215, иштегендер 3, мектеп окуучулары 14, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 5 түздү. Ал эми кызматкерлер катталган жок.

**Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси: С. Ысмайылов**

| | | беті |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….......................…………........... | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...........................................…………........... | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү…………………………. ………………………………. | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………………. | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………........ | 19 |
| 7 | Аймак боюнча өндүрүлгөн мөмө-жемиштер............................................................................................. | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында ишке киргизилген негизги фонддор.........................................................…... | 20 |
| 9 | Облус боюнча негизги капиталга инвестициялар | 20 |
| 10 | Облус боюнча негизги капиталга каржылоонун булактары боюнча инвестициялар | 20 |
| 11 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы……………………………………… | 21 |
| 12 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү.................................. | 22 |
| 13 | Облус боюнча турак-жай курулушунун аткарылышы, ……………………………………………………. | 22 |
| 14 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши...........................................................…....... | 22 |
| | Транспорт | |
| 15 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү……………………………………………………. | 23 |
| 16 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 23 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 17 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………………….. | 24 |
| | Керектөө рыногу | |
| 18 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............………........ | 24 |
| 19 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү.......................................................................…......... | 25 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү, коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 25 |
| 21 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 26 |
| 22 | Калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүү, ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы................. | 26 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 23 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............ | 27 |
| 24 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда | 28 |
| 25 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, жыл башынан.. | 28 |
| 26 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында катталган жумушсуздар саны.......................................................................................…........................................................... | 29 |
| 27 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында жумушсуздук статусун алгандар саны..........................................................................…............................................... | 29 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| 28 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ………………………….... | 30 |
| 29 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 30 |
| 30 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………........ | 31 |
| 31 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 31 |
| | Социалдык сектор | |
| 32 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү............................................................................................. | 32 |
| 33 | Калктын төрөөлүү, өлүү жана табигий өсүүсү боюнча катышы...............................................................….... | 32 |
| 34 | Жаш балдардын өлүмү.........................................................................................................…...................... | 32 |
| 35 | Облус боюнча жаш балдардын өлүмүнүн катышы.....................................................…................................. | 32 |
| 36 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны............................................................................................... | 33 |
| 37 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы............................................................................................ | 33 |
| 38 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны……………………………………………… | 33 |
| 39 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………………….. | 34 |
| 40 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………. | 34 |
| 41 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………………. | 34 |

## РЕАЛДЫК СЕКТОР

**Таблица 1.** Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2024-жылдын январь-май айлары

( миң сом)

| | 2023 | 2024 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **2356937,9** | **2815938,5** | **106,3** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **699479,4** | **982114,3** | **96,8** |
| 1. Күрөн көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 520881,3 | 709650,4 | 93,9 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 136117,9 | 165220,0 | 102,2 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | | | |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | 37621,5 | 102592,3 | 33,0 |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 4858,7 | 4651,6 | 174,0 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **1169760,4** | **1106150,1** | **99,9** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 314660,1 | 329806,7 | 101,0 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 293293,9 | 326610,5 | 103,3 |
| -сусуундукта өндүрүү | 20726,2 | 2233,2 | 5,6 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 197624,3 | 49383,1 | 7,8 |
| -текстил өндүрүшү | 175612,6 | 22898,9 | 162,3 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 21803,7 | 26446,4 | 2,9 |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 208,0 | 37,8 | 18,3 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 11933,8 | 11040,6 | 132,3 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 11568,8 | 10663,1 | 132,6 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 365,0 | 377,5 | 104,7 |
| 4. Химия өндүрүшү | 93707,0 | 46224,7 | 131,1 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 476649,7 | 577379,7 | 130,6 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 22213,8 | 29137,5 | 214,0 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 52971,7 | 63177,8 | 112,5 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **432921,2** | **666505,8** | **155,1** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **54776,9** | **61168,3** | **112,5** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2024-жылдын январь-май айлары**

.                                                                                    (миң сом)

| | 2023 | 2024 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **2356937,9** | **2815938,5** | **96,9** | **106,3** |
| Электр энергиясыз | 1924016,7 | 2173308,3 | 94,6 | 99,0 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 61237,9 | 58840,6 | 105,6 | 88,0 |
| Кадамжай | 586823,3 | 716969,0 | 127,8 | 120,8 |
| Лейлек | 243709,3 | 297487,2 | 103,7 | 103,3 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 485972,9 | 705945,1 | 114,1 | 141,8 |
| Электр энергиясыз | 53051,7 | 63314,9 | 103,9 | 105,1 |
| Кызыл-Кыя | 679482,4 | 604059,3 | 92,6 | 78,2 |
| Сүлүктү | 299712,1 | 432637,3 | 91,1 | 83,3 |

Таблица 3**. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2023 | 2024 | 2024ж. январь-феврвль айлары 2023ж. январь-май айларына % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-май | | |
| Күрөн көмүр | тонна | 310607,7 | 291721,2 | 93,9 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 2987,1 | 4172,3 | 139,7 |
| Бут кийим | жуп | 520 | 95 | 18,3 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 538,4 | 581,6 | 108,0 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | 1163,5 | 176,0 | 15,1 |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 2521,8 | 2331,9 | 92,5 |
